**Тышкы кемчиликке-** чөйрөдөгү кризис ,үй- бүлө менен мектептин кызматташтыгынын жетишсиздиги , күн санап өзгөрөн чөйрөгө баланын көнүү жөндөмүнүн төмөн болушу, баштапгыч класста педогогикалык чеберчилиги төмөн мугалим девианттуу балдарды көз жаздымда калтырып коюушу эсептелинет , ошондуктан ата-энелерге балдардын девианттуу жүрүм-турумун эрте диагноздоп билдирүү керек. Ошондой эле баланын өз алдынча билим алууга жөндөмсүздүгүн аныктап алыңыз.

Психологдордун изилдөөсүнүн натыйжасында өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумга түрткү болгон төмөнкү шарттарды аныкташкан:

1. Ата-энелердин камкордугунун жетишсиздиги
2. Жардылык
3. Агрессивдүү маалыматтын , зордук –зомбулуктун .секстин ачык көрстөтүлүшү
4. Эмоционалдык эксплуатация (баланын чын көңүлдөн чыккан сезимин башка бирөө пайдаланышы)
5. Ичи тардык, ачуулануу, жек көрүү
6. Үй-бүлө мүчөлөрү менен мамиленин жакшы эместиги, пикир келишпестик, чыр –чатактын көп чыгышы.
7. Девиантуу балдардын жүрүм-турумунун психологиялык жактан чектен чыгууга болгон негизги белгилери:
   1. Турмуштагы кыйынчылыкты жеңүү менен байланышкан кризистик жагдайды адекваттуу түшүнүүгө жөндөмдүү эмес.
   2. Чөйрө мене мамиле түзгөндү билбейт, өзүн-өзү көзөмөлдөөсү , өзүн-өзү тарбиялоосу начар өнүккөн.
   3. Эмоциясы туруктуу эмес.

      Мындай өспүрүмдөр көбүнчө аткарылышы кыйын талаптарды канааттандырышат.

      Мугалимдин , ата-эненин кыжырын келтирип, адам чыдагыс жагдай түзүп ,арга түгөтүп, айла кетирет.Психикасына негативдүү ойлор таасир этилген соң , терс эмоциядан кутулуу принциби боюнча жүрүм-турум моделдештирилет.

      Мугалимдин жаман баасынан , теңтуштардын , үй –бүлө мүчөлөрдүн шылдыңынан мамилеси сууп , алардан алыстоонун амалын издей баштайт.

      Үйдөн , туугандардан кача баштайт.

Сканировано с CamScanner